**САРТБЕКОВА Н.К. ,**
*Н.Исанов ат. КМКТАУ*
*УДК 378.*

# САБАКТАН ТЫШКАРЫ БИЛИМ - БОЛОЧОК ИНЖЕНЕРДЕРДИН КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

**Резюме**

Бул макалада, сабактан тышкары лингвистикалык программалар болочок инженерлердин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун каражаты катары анализилденген.

**Резюме**

В этой статье, внеаудиторные лингвистические программы анализированы как средство формирования коммуникативной компетентности будущих инженеров.

**Resume**

The out-of-class linguistic programs are analyzed as means of formation of communicative competence of future engineers in this article.

Акыркы мезгилде чет тилдерин үйрөнүүгө мамиле бир кыйла өзгөрдү, анткени тилди билүү турмуштук мааниге ээ болду. Коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр артынан башка тилдүү коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандырууга муктаждыктын күчөөсүнө түрткү болду. Ошондуктан жаш муун бул жаатта терең билимдерге ээ болгону, ошондой эле жеке да, кесиптик да темаларда өзүнүн чет элдик курбулары жана болочок кесиптештери менен эркин пикир алыша алганы абдан маанилүү. Бирок мектептик жана ЖОЖдук билим берүү системасындагы тилди үйрөнүүгө бөлүнгөн убакыт чектелүү, ал эми классикалык методикалар тилди узак мөөнөт үйрөнүүнү жана негиздүү мамиле кылууну болжойт, башкача айтканда *коммуникациялык көндүмдөрдү* өнүктүрүүгө көп убакыт бөлүнөт.

Ушундан чыгып, Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Маданият аралык коммуникация жана котормонун автоматташтырылган системасы» кафедрасынын базасында «Day of English language - Англис тили күнү» автордук лингвистикалык программасы иштелип чыккан, ал чет тилдерге үйрөтүү системасындагы маанилүү өзгөрүүлөрдү эске алат. Программа студенттердин бейформалдуу билим алуусунун алкагында түзүлгөн. Бейформалдуу билим алуу (англ-informal education) – формалдуу окутууну мүнөздөөчү бир да параметрге ээ болбогон уюштурулбаган окуу. Бейформалдуу билим алуу – аяктоосу алардын мазмуну боюнча кесиптик ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берүүчү сертификат менен коштолбогон программа жана курстар. Бул адатта күйөрмандык сабактар, илимдин же көркөм өнөрдүн кайсы бир аймагындагы кызыгуулар, маданий кругозорду кеңейтүүгө же тиричиликте жана инсандык баарлашуу аймагында зарыл билимдер менен билгичтиктерге ээ болууга умтулуу менен байланышкан.

Бейформалдуу билим алуу - инсанды кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу процессинде тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн максатка багытталган процесси, бул бүгүнкү билим берүү саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири. Ал адатта тарбиялык милдеттерди чечүүгө жана студенттердин бош убактысын уюштурууга багытталган салттуу аудиториядан тышкаркы иш чаралардын алкагынан кыйла алыс чыгат. Кафедранын шарттарында бейформалдуу билим алуунун негизин студенттердин ЖОЖдо предметтик окутуунун алкагында ишке ашырылбай калган когнитивдүү, коммуникациялык жана башка керектөөлөрүн канааттандырууну компенсациялоочу масштабдуу билим берүү блогу түзөт.

Бүгүн сабактан тышкаркы билим берүү процесси белгилүү бир билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү берүүгө гана эмес, студенттерди көп пландуу өнүктүрүүгө,

алардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн жана демилгелүүлүк, өз алдынчалык, креативдүүлүк, өзгөчөлүк өндүү инсандык сапаттарын, башкача айтканда жеке адамды индивидуалдуулук деп атоого жол бергендин баарысын ачууга да багытталган.

Сабактан тышкаркы лингвистикалык программалар маанилүү билим берүү менен тарбиялоо миссиясын аткарышат. Сабактан тышкаркы лингвистикалык программалар жаштардын эң активдүү бөлүгүнүн интеллектуалдык-чыгармачылык дараметин көбүрөөк толук ишке ашырат, алар студенттердин инсандык дараметин өнүктүрүүгө жана чыгармачылыкта жүзөгө ашуусуна максатталган, бул ар бир катышуучуга өзүн өз ынтаалуулуктарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык таанууга жана ачууга жол берет.

«Day of English language - Англис тили күнү» сабактан тышкаркы лингвистикалык программасы чет тилине окутуу системасындагы маанилүү өзгөрүүлөрдү эске алат. Азыркы тапта чет тилине ээ болуунун глобалдуу максаты башка маданиятка жакындоо жана маданияттардын диалогуна катышуу болуп эсептелет. Ал маданият аралык коммуникацияга жөндөмдүүлүктү калыптандыруу, башкача айтканда *коммуникациялык компетенттүүлүктүн* зарыл деңгээлине ээ болуу жолу менен жетишилет. Коомдук мамилелердин өнүгүүсүнүн азыркы абалы чет тилдерин окутууга жаңы талаптарды коёт, алар төмөнкү факторлорду эске алуудан улам калыптанат: англис тилинин глобализациясы, кесиптик даярдыктын деңгээлине талаптардын өсүүсү, маалыматтык технологиялардын өнүгүү деңгээли.

Коюлган милдеттерди чечүү инсанга багытталган мамилеге негизделет да, жайкы тилдик практиканы уюштуруунун жана өткөрүүнүн төмөнкү принциптерин болжойт:

• техникалык ЖОЖдун студенттеринин лингвистикалык практикасынын тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк багытталгандыгы анын негизги милдети болуп саналат;

• көңүлдүн борборунда студенттин - болочок инженердин инсаны өз кызыкчылыктары жана керектөөлөрү менен турат;

• *коммуникациялык* багытталгандык жетектөөчү принцибин сактоодо тил ойлорду калыптандыруунун жана түзүүнүн каражаты катары каралат;

• англис тилин маданияттардын диалогунда баарлашуу куралы катары колдонуу, башкача айтканда студенттердин - болочок инженерлердин маданият аралык компетенциясын өнүктүрүү;

• техникалык ЖОЖдун студенттерин сабактан тышкары чет тилине үйрөтүүнүн өзүмдүк траекториясын түзүү үчүн дифференциялуу жана индивидуалдуу мамилелерди колдонуу;

• окутуучунун ролун өзгөртүү, педагог - практиканын уюштуруучусу жана консультант, бул «окутуучу-студент» мамилесинде жаңылык жаратат;

• ар бир студенттин практикалык ишмердүүлүккө катышуусун, анын демилгесин караштырган тилдик практиканын ишмердүүлүктүк жана чыгармачылык мүнөзү;

• практиканын жыйынтыктары боюнча отчётту же рефератты даярдоо долбоордун формасы катары каралат;

• Feedback - Кайтарым байланыш тапшырмасын аткаруу, мында студенттер жасалган ишке өз мамилесин билдиришет, аларга эмне жакканын, эмне жакпаганын, эмне оор же өтө жеңил болгонун, эмне үчүн мындай болгонун белгилешет, башкача айтканда студенттерди өз ишмердүүлүгүн талдоого жана аны баалоого үйрөтөт;

• Student's diary - Студенттин күндөлүгү тапшырмасын аткаруу, ал студенттерге өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүн аңдаштырууга жана аны баалоого аракеттенүүгө жардамдашат.

Коюлган максаттар менен милдеттерди ишке ашыруу үчүн тиешелүү даярдык иши жүргүзүлөт:

• лингвистикалык программанын долбоору иштелип чыгат жана бекитилет;

• англис тили программасына ылайык усулдук адабият камдалат;

• көрсөтмө куралдардын, окутуунун техникалык каражаттарынын, сабактан тышкаркы иш үчүн реквизиттин фонду түзүлөт;

• педагогикалык жана тарбиялык ишмердүүлүктүн натыйжаларын текшерүүнүн ыктары иштелип чыгат;

• жаш педагогдор менен студенттер арасында иштөө үчүн педагогикалык кадрлар тандалат, атап айтканда:

a) англис тили боюнча терең теориялык билимдерге ээ;

b) өз ишин тарбиялык жана тилдик аспектилердин логикасын ээрчип курган;

c) курактык жана педагогикалык психологияны билген.

Сабактан тышкары лингвистикалык нөөмөттө иштөө үчүн педагогикалык жамаатты даярдоо боюнча программа ишке ашырылат:

• педагогдорду даярдоо боюнча семинарлар өткөрүлөт, окууну аяктаганда катышуучулар тиешелүү сертификаттарды алышат;

• тарбиялык таасир этүү каражаттары ойлоштурулат;

• ар бир сабакта иштөөнүн формасы талкууланат.

Жылы бою сабактан тышкаркы нөөмөттү өткөрүү үчүн зарыл мөөнөттө программада иштөөгө кадрларды тандоо жана даярдоо жүргүзүлөт. Программанын бөтөнчөлүгүн эске алып, педагогикалык кызматчылардын тиешелүү кызматтары үчүн аныкталган квалификациялык мүнөздөмөлөрдүн талаптарына жооп беришкен, англис тилин билишкен педагогдорго артыкчылык берилет. Окутуучу-уюштуруучуну даярдоодогу жалпы нерсе тарбиялоо милдеттеринен, педагогдун өзүнө жоопкерчиликтүүлүгүнөн, тарбияланган инсандан, иштин негизги формалары менен усулдарынан көрүнөт.

Педагогикалык кызматчыларга студенттер менен иштөөнү уюштурууда усулдук жардам көрсөтүү, алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана чыгармачылык өсүүсүн камсыздоо максатында педагогикалык (усулдук) кеңеш түзүлөт, анда маселелердин кеңири чөйрөсү - курактык өзгөчөлүктөр, тилдик даярдыктын деңгээли, иштин формалары менен усулдары, англис тилиндеги иш чараларды пландаштыруу, даярдоо жана өткөрүү методикасы, сабактардын пландары каралат.

**Адабияттар**

1. Алиев Ш.А. Актуальность формирования умений и развитие навыков самостоятельной работы студентов./ Алиев Ш.А., Сыдыкова М. И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жарчысы (2) 2012. Бишкек. 324-327 б.

2. Основы андрагогики: терминологический словарь-справочник для студентов социально-гуманитарных специальностей / сост. В.В.Маслова. - Мариуполь, 2004. - 19 с.

3. Павлова К.Г. Обучение иностранному языку / К.Г. Павлова.- М.: Прогресс.1990.-120 с.

4. Павлова Т.П. Игровые приёмы работы на внеклассных занятиях по английскому языку / Т.П. Павлова // Иностранные языки в школе - 1995,-№8.-С. 46-48.

5. Пассов Е.И. Коммуникативный метод в обучении иностранным языкам / Е.И. Пассов. - М.: Высшая школа, 1995. - 120 с.